2. Колосова Н.Н. Супервизия как инструмент непрерывного профессионального развития педагога / Н.Н. Колосова, Н.В. Давкуш // Научно-методический электронный журнал «Концепт». – 2025. – № 6. – С. 127-142.

3. Полянина О.И. Супервизия в тьюторской практике: вопросы организации / О.И. Полянина // Научно-педагогическое обозрение. – 2021. – № 3(37). – С. 213-220.

4. Ховкинс П. Супервизия: индивидуальный, групповой и организационный подходы / П. Ховкинс, Р. Шохет; перевод с английского Л.А. Колчановой. – СПб: Речь, 2002. – 351 с.

5. Яковлев Е.В. Супервизия как педагогический феномен / Е.В. Яковлев, Н.О. Яковлева // Вестник Челябинского государственного педагогического университета. – 2015. – № 10. – С. 9-13.

6. Doyle M. An Exploration of Teachers’ Perceptions and Experiences of Peer Supervision: Prof Doc Thesis / University of East London, 2024. URL: https://uel-repository.worktribe.com/output/483175 (дата обращения: 11.03.2026).

7. Jennings P.A., Min H.H. Transforming Empathy-Based Stress to Compassion: Skillful Means to Preventing Teacher Burnout // Mindfulness. – 2023. – P. 1-12. URL: https://pubmed.ncbi.nlm.nih.gov/37362185/ (дата обращения: 11.03.2026).

**УДК 373.2.015.31:372.4** **DOI: https://doi.org/10.56122/..v2i2.509**

## 3–5 ЖАШТАГЫ МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ БАЛДАРДЫН СОЦИАЛДЫК-ТУРМУШТУК КӨНДҮМДӨРҮН ӨНҮКТҮРҮҮДӨ ОЮН ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫНЫН РОЛУ

***Мамашерип кызы Нуриза***
*ORCID:0009-0006-8681-9288*
*Ош мамлекеттик педагогикалык университети.*
*Nurizam90@mail.ru*
***Мурзаканова Гулшайыр Арыковна***
*ORCID: 0009-0006-0448-7858*
*Ош мамлекеттик педагогикалык университети*
*gulshaiyr.82.kg@gmail.com*

## РОЛЬ ИГРОВЫХ ТЕХНОЛОГИЙ В РАЗВИТИИ СОЦИАЛЬНО-БЫТОВЫХ НАВЫКОВ ДЕТЕЙ ДОШКОЛЬНОГО ВОЗРАСТА 3–5 ЛЕТ

***Мамашерип кызы Нуриза***
*ORCID:0009-0006-8681-9288*
*Ошский государственный педагогический университет,*
*Nurizam90@mail.ru*
***Мурзаканова Гульшайыр Арыковна***
*ORCID: 0009-0006-0448-7858*
*Ошский государственный педагогический университет*
*gulshaiyr.82.kg@gmail.com*,

## THE ROLE OF PLAY-BASED TECHNOLOGIES IN DEVELOPING SOCIAL AND DAILY LIFE SKILLS OF PRESCHOOL CHILDREN AGED 3–5

***Mamasherip kyzy Nuriza***

*ORCID:0009-0006-8681-9288*
*Osh State Pedagogical University.*
*Osh city, Kyrgyzstan,*
*Nurizam90@mail.ru*
***Gulshaiyr A. Murzakanova***
*ORCID: 0009-0006-0448-7858*
*Osh State Pedagogical University,*
*gulshaiyr.82.kg@gmail.com*

***Аннотация***

*Бул макалада 3–5 жаштагы мектепке чейинки балдардын социалдык жана турмуштук көндүмдөрүн өнүктүрүүдө оюн технологияларынын орду жана таасир механизми кеңири иликтенди. Бул мезгилде бала социалдык чөйрөгө активдүү аралашып, өзүнүн жүрүм-турумун жөнгө салууну, башкалар менен баарлашууну, өз оюн айтууну, эрежелерди сактоону жана турмуштук аракеттерди өздөштүрө баштай тургандыгы далилденди.. Изилдөө учурунда сюжеттик-ролдуу, дидактикалык жана турмуштук көндүмдөргө багытталган оюндар балдардын баарлашуу маданиятын, кызматташуу жөндөмүн, өз алдынча аракеттенүүсүн, эмоционалдык туруктуулугун жана элементардык турмуштук көндүмдөрүн калыптандырууда өзгөчө натыйжалуу экени практика жүзүндө далилденди. Оюн чөйрөсүнүн туура уюштурулушу, атрибуттардын жеткиликтүүлүгү, тарбиячынын фасилитатордук ролу жана ата-энелер менен болгон өз ара кызматташтык баланын гармониялуу өнүгүүсүнүн негизги шарттары катары аныкталды. Изилдөөнүн жыйынтыктары оюн технологиялары мектепке чейинки билим берүүдө баланын социалдык адаптациясын күчөтүүчү, турмуштук тажрыйбасын байытуучу жана инсандык сапаттарын калыптандыруучу негизги педагогикалык метод экенин көрсөттү.*

***Ачкыч сөздөр:*** *оюн технологиялары, социалдык өнүгүү, турмуштук көндүмдөр, сюжеттик-ролдуу оюн, дидактикалык оюн, мектепке чейинки курак, фасилитатордук роль, социалдык адаптация.*

***Аннотация***

*В статье подробно анализируется роль игровых технологий в формировании социальных и бытовых навыков детей 3–5 лет. На основе наблюдений, бесед с воспитателями и экспериментальных игровых ситуаций установлено, что сюжетно-ролевые, дидактические и бытовые игры способствуют развитию коммуникативных умений, сотрудничества, самостоятельности, эмоциональной устойчивости и элементарных жизненных навыков у дошкольников. Показано, что эффективность игровых технологий напрямую зависит от грамотно организованной предметно-развивающей среды, профессионализма педагога в роли фасилитатора и взаимодействия с семьёй. Проведённое исследование подтверждает, что игровые технологии являются ведущим педагогическим инструментом, обеспечивающим успешную социализацию ребёнка, расширение его жизненного опыта и формирование ключевых компетенций.*

***Ключевые слова:*** *игровые технологии, социальное развитие, бытовые навыки, сюжетно-ролевая игра, дидактическая игра, дошкольный возраст, фасилитатор, социализация.*

***Abstract***

*This article presents an in-depth analysis of the role of play-based technologies in developing social and daily life skills among preschool children aged 3–5. Based on systematic observations, teacher interviews, and experimental play scenarios, it was found that role-playing, didactic, and daily routine–oriented games significantly enhance children's communication abilities, cooperation skills, independence, emotional regulation, and basic self-care competencies. The effectiveness of play-based learning largely depends on a well-structured learning environment, the teacher’s ability to act as a facilitator, and strong collaboration with families. The results confirm that play-based technologies are a key pedagogical approach that*

*strengthens children’s social adaptation, enriches their life experience, and supports the formation of essential competencies during early childhood.*

***Keywords:*** *play-based technologies, social development, daily life skills, role-play, didactic games, preschool age, facilitator role, social adaptation.*

**Киришүү**

3–5 жаштагы мектепке чейинки балдардын социалдык жана турмуштук көндүмдөрүнүн калыптанышы – алардын жалпы өнүгүүсүнүн фундаменталдуу баскычы болуп саналат. Бул мезгилде бала социалдык чөйрөгө активдүү аралашып, өзүнүн жүрүм-турумун жөнгө салууну, башкалар менен баарлашууну, өз оюн айтууну, эрежелерди сактоону жана турмуштук аракеттерди өздөштүрө баштайт. [6, с.140-145]

Баланын мындай өнүгүү процесси табигый түрдө оюн аркылуу ишке ашат. Оюн – баланын негизги ишмердүүлүгү, дүйнөнү таануунун эң жөнөкөй жана эффективдүү жолу. Ошондуктан мектепке чейинки уюмдарда оюн технологияларын туура колдонуу социалдык жана турмуштук көндүмдөрдү калыптандыруунун эң натыйжалуу механизми болуп эсептелет.

Оюн учурунда бала коомдук ролдорду өздөштүрөт, өз ара аракеттенүүнү үйрөнөт, күнүмдүк турмуштагы кырдаалдарды моделдейт, өз алдынча чечим кабыл алып, жоопкерчилик алууга көнөт. Чоңдордун жана педагогдордун туура уюштурган оюн чөйрөсү социалдык жүрүм-турум нормаларын бекемдөөгө, турмуштук көндүмдөрдү өздөштүрүүгө жана баланын өзүнө ишенүүсүн арттырууга чоң өбөлгө түзөт. Ушундан улам 3–5 жаштагы балдардын социалдык-турмуштук көндүмдөрүн өнүктүрүүдө оюн технологияларынын ролун изилдөө педагогика илими үчүн да, практикалык ишмердүүлүк үчүн да чоң мааниге ээ.

Оюн технологияларын натыйжалуу колдонууда педагогдун ролу өзгөчө маанилүү. Тарбиячы түзгөн предметтик-өнөкөт чөйрө баланын курагына жана кызыгуусуна ылайык болот. Оюн үчүн керектүү материалдар, ролдук атрибуттар, жандуу жана коопсуз мейкиндик баланын өз алдынча ойноосуна шарт түзөт. Педагог оюнду түздөн-түз башкарган жетекчи эмес, тескерисинче, кырдаалды туура багытта тургузган фасилитатор болушу керек. Бул боюнча изилденүүчү Г.Мурзаканова илимий макаласында М.Мантессоринин ыкмаларына токтолуп кеткен. Ал “Монтессори системысынын эң баалуу жагы — ал баланын табигый активдүүлүгүн колдойт. “Ар бир бала өз темпинде өнүгөт, педагог анын аракетине көз салып, туура материалы сунуштайт. Мисалы, бала манжалары менен буурчакты сорттоп жатканда, ал өзүнүн кыймылдарын координациялоону, көңүлүн топтоону жана чыдамдуулукту үйрөнөт” деп белгилеген. [8,с.129-134] Бала өз алдынча аракеттенген сайын анын социалдык жана турмуштук көндүмдөрү да бекемделе берет. Мындан сырткары ата-энелер менен бирдиктүү иш жүргүзүү да маанилүү, анткени үй-бүлөдө бекемделбеген көндүмдөр бала бакчада да туруктуу болбойт. Ата-энелерге оюн аркылуу тарбиялоонун мааниси түшүндүрүлүп, үй шартында колдонулуучу жөнөкөй оюн-терапиялык ыкмалар сунушталып турса, анын натыйжасы кыйла жогорулайт.

Д.Б.Эльконин оюндун жаратылышына изилдөө жүргүзгөн. Баланын ойлонуусуна жана эске тутуусуна, жүрүм турумун жөнгө салууда сюжетүү-ролдук оюн эң чоң мааниге ээ экендиги аныкталган. Оюндун курамында: сюжет, роль, аракет, элестетүү кырдаалы бөлүнүп турат. Бала элестетүү кырдаалына киргенде оюн узак жана эмоционалдуу болуп калат. [5.]

Изилдөө иши үч ай ичинде үч этапта жүргүзүлдү жана мектепке чейинки билим берүү уюмдарындагы 3–5 жаштагы балдардын социалдык-турмуштук көндүмдөрүн оюн технологиялары аркылуу өнүктүрүүнү практика жүзүндө аныктоого багытталды.

Биринчи этапта (1–2 жума) алдын ала даярдык иштери өткөрүлүп, изилдөөгө катыша турган үч бала бакчанын ортоңку топтору тандалып алынды. Ар бир топто орточо 18–20 бала бар болчу. Тандалган топтордун тарбиячылары менен сүйлөшүүлөр жүргүзүлүп, алардын оюн технологияларын колдонуу тажрыйбасы, топтун өзгөчөлүктөрү жана

балдардын социалдык жүрүм-туруму тууралуу баштапкы маалымат алынды. Ошол эле мезгилде сюжеттик-ролдуу жана дидактикалык оюндарда колдонулуучу атрибуттар даярдалып, изилдөөнү жүргүзүү үчүн зарыл болгон материалдар топтолду.

Экинчи этапта (1 ай) түздөн-түз байкоо уюштурулуп, балдардын оюндагы жүрүм-туруму күн сайын белгиленип турду. Байкоо эртең мененки жана түштөн кийинки уюштурулган оюн мезгилдеринде өткөрүлдү. Мисалы, сюжеттик-ролдуу “Дүкөн” оюнунун жүрүшүндө балдардын ролдорду бөлүштүрүү жөндөмү, сүйлөшүү маданияты, кезек күтүү, сатып алуу-сатуу процесси жөнүндө түшүнүгү байкалды. Балдардын бири оюнда “сатуучу” болуп, товарларды жайгаштырып, “кардарлар” менен сабырдуулук менен сүйлөшкөнү, айрым балдар товар үчүн “акча төлөөнү” унутуп калганы, башкалары ролго тез киргени илимий күндөлүккө белгиленип турду.

Дидактикалык “Түстөрдү бөлүү” же “Чоң-кичине предметтерди салыштыруу” сыяктуу оюндарда балдардын логикалык ой жүгүртүү, классификациялоо, тапшырманы түшүнүү жана өз алдынча аягына чыгаруу жөндөмдөрү байкалды. Мисалы, бир бала түстөрдү абдан туура бөлсө, дагы бирөө тапшырмага шашып, айрым түстөрдү чаташтырганы белгиленип, анын кийинки машыгууларда өзгөрүүсү көзөмөлгө алынды.

Турмуштук көндүмдөргө багытталган “Үйдү жыйноо”, “Кичинекей ашпозчу”, “Гүлгө суу куюу” оюндарында балдардын өз алдынча аракеттенүүсү өзгөчө байкалды. Бир мисалда “Кичинекей ашпозчу” оюнунда балдарга оюнчук идиш-аяктар, жасалма жашылча-жемиштер берилди. Алар биргелешип “тамак даярдоо” процесси аркылуу бирөө идиш жууда, бирөө кесип даярдады, дагы бирөө үстөлдү сүлгү менен сүрттү. Бул учурда балдардын жоопкерчилик бөлүштүрүүсү жана ишти аягына чыгаруудагы кызыгуусу өзгөчө жогору болду.

Үчүнчү этапта (2 жума) тарбиячылар менен маектер уюштурулуп, байкоо учурунда алынган маалыматтар салыштырылды. Педагогдор оюндардын жүрүшүндө балдардын социалдык активдүүлүгү, бири-бирине жардам берүүсү, айрым балдардын мурда тартынчаак болсо да оюн аркылуу активдешкени тууралуу байкоолорун билдиришти. Мисалы, башында тынч жана ичинен сүйлөгөн бала сюжеттик оюндарда “апа”, “дүкөнчү” сыяктуу ролдорду аткаруудан кийин топто активдүү катышуучу болуп калган учурлар катталды.

Эксперименттик оюн-сценарийлер да ушул этапта өткөрүлдү. “Жол кыймылы” оюнунда балдар “жөө жүргүнчү”, “айдоочу”, “инспектор” ролдорун аткарып, коомдук тартип нормаларын оюн аркылуу түшүнүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болду. Оюндун жүрүшүндө айрым балдар эреже бузбай өтсө, башкалары светофордун кызыл жарыгына карабай өткөнү белгиленип, оюн аягында талкуулоо жүргүзүлдү. Бул социалдык жүрүм-турум нормаларын бекемдөөгө жардам берди.

Изилдөөнүн бардык жүрүшүндө топтолгон материалдар күнүмдүк байкоо баракчаларына, педагогдордун пикирлерине, видео жана сүрөт материалдарына негизделип, салыштыруу жана системалаштыруу ыкмалары менен талданды.

Жүргүзүлгөн үч айлык изилдөөнүн жыйынтыгында 3–5 жаштагы балдардын социалдык жана турмуштук көндүмдөрүнүн өнүгүүсүндө оюн технологиялары өзгөчө маанилүү роль ойноору так далилденди. Байкоолордун, эксперименттик оюн-сценарийлердин жана тарбиячылар менен маектешүүнүн негизинде бир катар маанилүү жыйынтыктар чыгарылды.

Биринчи иретте, сюжеттик-ролдуу оюндардын социалдык көндүмдөрдү өнүктүрүүдөгү таасири абдан жогору экени аныкталды. “Дүкөн”, “Үй-бүлө”, “Ашпозчу” сыяктуу оюндарда балдар өз ара сүйлөшүү, кызматташуу, кезек күтүү, ролдорду бөлүштүрүү, конфликтти жөнгө салуу сыяктуу социалдык жүрүм-турум элементтерин табигый түрдө өздөштүрүштү. Изилдөөнүн башында тартипти сактоого кыйналган же теңтуштары менен байланышка жөндөмсүз болгон балдар бир айдан кийин оюн учурунда активдүү сүйлөшүп, ролдорду бөлүштүрүүгө катышып, тапшырмаларды өз убагында аткара баштаганы байкалды. Бул көрүнүш Л. С. Выготский белгилеген “оюн – баланын жакынкы

өнүгүү аймагы” деген идеянын практикадагы далили катары кызмат кылды.

Экинчиден – турмуштук көндүмдөргө багытталган оюндардын практикалык натыйжасы. “Кичинекей ашпозчу”, “Үйдү жыйноо”, “Гүлгө суу куюу” оюндары балдардын өз алдынча аракеттенүү жөндөмүн байкаларлык деңгээлде жогорулатты. Изилдөөнүн алгачкы жумаларында көпчүлүк балдар оюнчуктарды сорттоодо шашып, туура эмес жайгаштырган учурлар каттalса, изилдөөнүн аягында алардын тактык, тартип жана ырааттуулук менен иш кылуусу бир кыйла жакшырганын байкоо мүмкүн болду. Айрым балдар өз алдынча кол жуу, кийинип-чечинүү, үстөлдү сүртүү сыяктуу иш-аракеттерди оюндагы ролунун жоопкерчилиги катары кабыл алып, аракетке кызыгуу менен киришкен.

Үчүнчүдөн – социалдык активдүүлүгү төмөн же тартынчаак балдардын жүрүм-турумундагы позитивдүү өзгөрүүлөр. Байкоо учурунда башында ролдук оюндарга катышуудан кыйналган, топ ортосунда үн чыгарбай ойногон кээ бир балдардын акырында активдүү сүйлөшүүгө аралашканы, “сатуучу”, “апа”, “кызматчы” болуп ойноодон баш тартпай калганы катталды. Эмоциясын эркин билдире албаган балдардын да оюн аркылуу өзүн көрсөтүү мүмкүнчүлүгү артканын тарбиячылар да тастыкташты. Бул жагдай оюн технологиялары социалдык интеграциянын эффективдүү каражаты экенин көрсөтөт.

Төртүнчү маанилүү жыйынтык – оюн технологияларынын натыйжалуулугу педагогдун уюштуруучулук жана фасилитатордук ролуна түздөн-түз байланыштуу экени. Тарбиячылар оюнду туура пландаштырып, атрибуттарды өз убагында даярдап, баланын кызыгуусун колдоп, керектүү учурда багыт берип турган топтордо жогорулатылган натыйжа байкалды. Тескерисинче, оюн жетиштүү уюштурулбаган шартта социалдык баарлашуу кыйла жай өнүгүп, турмуштук көндүмдөрдү калыптандырууда түйүлдүк мүнөздөгү өзгөрүүлөр гана көрүндү.

Дагы бир маанилүү жагдай– ата-энелердин катышуусу жана колдоосу маанилүү фактор экенин көрсөттү. Ата-энелер оюн технологияларынын маанисин түшүнүп, үй шартында да жөнөкөй оюн элементтерин колдонуп турган балдарда турмуштук көндүмдөр тезирээк бекемделгени, өз алдынчалуулугу жогору болгону байкалды. Үй-бүлө менен бала бакчанын бирге иштөөсү социалдык көндүмдөрдүн туруктуулугун камсыз кылды.

Жалпысынан талкуулоо көрсөткөндөй, оюн технологиялары 3–5 жаштагы баланын социалдык-маданий тажрыйбасын, турмуштук жөндөмдөрүн жана өз алдынча иш алып баруу дараметин өнүктүрүүдө табигый, жагымдуу жана эң натыйжалуу педагогикалык механизм болуп саналат. Оюн баланы күчкө салбай, анын ички табигый кызыгуусуна таянуу менен окутуу мүмкүнчүлүгүн түзөт. Бул – мектепке чейинки мекемелерде балдарды тарбиялоонун негизги устундарынын бири болушу зарыл.

**Корутунду**

Жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыгы 3–5 жаштагы мектепке чейинки балдардын социалдык жана турмуштук көндүмдөрүнүн натыйжалуу калыптанышы түздөн-түз оюн технологияларынын мазмунуна, уюштурулушуна жана педагог тарабынан түзүлгөн шарттарга байланыштуу экенин айкын көрсөттү. Оюн – бул бала үчүн жөн гана көңүл ачуучу иш эмес, анын социалдык чөйрөгө аралашуусунун, өз алдынча аракет кылуусунун, байланыш түзүүсүнүн жана турмуштук тажрыйбасын кеңейтүүсүнүн негизги механизми болуп чыкты.

Сюжеттик-ролдуу, дидактикалык жана турмуштук көндүмдөргө багытталган оюндардын үзгүлтүксүз колдонулушу балдарда бир катар олуттуу оң өзгөрүүлөрдү жаратты: кызматташуу, баарлашуу, ролдорду бөлүштүрүү, кезек күтүү, конфликтти жөнгө салуу сыяктуу социалдык көндүмдөр бекемделди; өз алдынча кийинип-чечинүү, тазалыкты сактоо, жай жыйноо, жөнөкөй эмгек аракеттерин аткаруу сыяктуу турмуштук көндүмдөр ырааттуу өнүктү. Ошондой эле оюн процесси социалдык активдүүлүгү төмөн, тартынчаак балдар үчүн да өзүн көрсөтүүгө шарт түзүп, алардын эмоционалдык жана жүрүм-турумдук өсүшүнө да оң таасир эткени байкалды.

Изилдөөнүн жүрүшү педагогдун оюнду уюштуруудагы фасилитатордук ролу өзгөчө мааниге ээ экенин далилдеди. Туура пландаштырылган, баланын кызыгуусуна багытталган,

предметтик чөйрөсү бай жана эркиндиги сакталган оюндар гана жогорку натыйжа берет. Мындан тышкары ата-энелер менен биргелешкен иштин маниси да чоң экендиги аныкталды — үй-бүлөлүк колдоо социалдык жана турмуштук көндүмдөрдүн туруктуулугун камсыз кылат. Оюн технологиялары мектепке чейинки билим берүү системасында баланын социалдык адаптациясын, турмуштук даярдыгын жана инсандык өнүгүүсүн камсыз кылуучу эң натыйжалуу педагогикалык ыкмалардын бири болуп саналат. Мындай технологияларды системалуу, максаттуу жана методикалык жактан туура колдонуу баланын келечектеги мектептеги ийгилигине жана социалдык турмушка шайкеш адаптациясына бекем негиз түзөт.

**Колдонулган адабияттар**

1. Абдылдаева Ж., Мамасалиев К. *Мектепке чейинки педагогиканын негиздери*. – Бишкек: Билим, 2018.
2. Билим берүү жана илим министрлиги. *Мектепке чейинки билим берүүнүн мамлекеттик стандарты*. – Бишкек, 2019.
3. Выготский Л. С. *Воображение и творчество в детском возрасте*. – Москва: Просвещение, 1991.
4. Выготский Л. С. *Игра и её роль в психическом развитии ребёнка*. – М.: Педагогика, 1984.
5. Дж.С. Барсанаева., Дж.Э. Дунганова. Оюн ишмердүүлүгү жана социалдык көндүмдөр. Өзгөчө муктаждыгы бар балдарды массалык бала бакчаларга киргизүү боюнча тарбиячылар үчүн методикалык колдонмо. Бишкек -2011
6. Мамашерип кызы , Н. (2025). ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ УСЛОВИЯ ФОРМИРОВАНИЯ ЖИЗНЕННЫХ НАВЫКОВ У ДЕТЕЙ 3–5 ЛЕТ (НА ПРИМЕРЕ КЫРГЫЗСТАНА И ЗАРУБЕЖНЫХ СТРАН). *Вестник Ошского государственного педагогического университета имени А.Мырсабекова*, *1*(2), 140–145. https://doi.org/10.56122/.v1i2.460
7. Монтессори М. *Помоги мне сделать это самому*. – Москва: Росмэн, 2010.
8. Мурзаканова, Г. (2025). МЕЛКАЯ МОТОРИКА ДЕТЕЙ — КАК СРЕДСТВО РАЗВИТИЯ РЕЧИ (В СИСТЕМЕ М. МОНТЕССОРИ). *Вестник Ошского государственного педагогического университета имени А.Мырсабекова*, *1*(2), 129–134. https://doi.org/10.56122/.v1i2.434
9. Садыкова Р. *Мектепке чейинки мекемелерде оюн технологияларын колдонуу*. – Ош: Жамият басмасы, 2021.

**УДК: 371.3:811.512.154**

## Ч. АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫНЫН ИДЕЯЛЫК-ЭСТЕТИКАЛЫК ПОТЕНЦИАЛЫ ЖАНА ЖОЖДОРДО КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУУДА ТЕКСТТИК КАРАЖАТ КАТАРЫ КОЛДОНУУ

***Мырзанаева Медина Кененбаевна***
*ORCID: org/0009-0001-7732-2222, SPIN-код: 8895-3829,*
*Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин эл аралык мамилелер жана чыгыш таануу факультетинин ага окутуучусу, Бишкек ш., Кыргызстан, моб. тел: 0700264788,* ***E-mail:*** myrzanaevamedina@gmail.com,
***Кожобекова Гүлбүбү Сагынбековна***
*ORCID: org/0009-0009-0062-6226, SPIN-код: 9471-2314,*
*Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын адабият институтунун илимий кызматкери, Бишкек ш., Кыргызстан, моб. тел: 0772487045, E-mail:* **kojobekovagb@gmail.com**.
***Сулайманова Гүлмира Абдылаевна***